**Өзүмө**

Сөзү- Ажыканова Элмира

Обону- Турдубеков Чынгыз

Аярлачы, кайда шашасың?

Тирүүлүктө түйшүк арылбайт.

Корой бербе, ая өзүңдү

Колдон түшкөн жылдар кайрылбайт.

Он жыл мурда түшкөн сүрөттө

Сулуу, сергек, жашсың карачы.

Уурдай берет тура сени аста

Жылып аккан жылдар арасы.

Үлгүрөм деп үйгө, кызматка

Үрөп жанды эрте түгөнбө.

Баратасың күндө жукарып

Өз дүйнөңдү корго, түгөлдө.

Убакытыңды бөлбөй өзүңө

Көр оокатка өлчөп, ченепсиң.

Укта, эс ал, сергит жаныңды

Сен өзүңө өзүң керексиң.

Э. Ажыканова